УДК 372.8 (575.2) (04)

## ЭКОЛОГИЯЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

***Тогусаков О. А.***
КР УИАнын академиги, философия илимдеринин доктору, профессор
***Козубаев О. К.***
философия илимдеринин доктору, профессор
***Карабукаев К.Ш.***
философия илимдеринин доктору

## ФИЛОСОФСКИЕ ОСНОВАНИЕ ЭКОЛОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ

***Тогусаков О. А.***
академик НАН КР, доктор философских наук, профессор
***Козубаев О. К.***
доктор философских наук, профессор
***Карабукаев К.Ш.***
доктор философских наук

## PHILOSOPHICAL BASIS OF ECOLOGICAL EDUCATION

***Togusakov O.***
academician NAS KR, doctor of philosophical sciences, professor
***Karabukaev K.***
doctor of philosophical sciences
***Kozubaev O.***
doctor of philosophical sciences, professor

***Аннотация.*** Макалада экологиялык билим берүүнүн философиялык негиздерине маани берип, ал «адам-коом-табият» системасынын өз ара мамилелеринде социомаданий, экологиялык ж.б. процесстерди аныктоочу белгилүү бир методологияны, баалуулук багыттарды, дүйнө тааным парадигмаларын, билимдерди иштеп чыгууга алып келет. Экологиялык билим берүүнүн түпкү максаты - экологиялык маданиятты жана жаратылыш баалуулуктарын сактоону калыптандыруу менен адамзаттын жашоосу үчүн оптималдуу чөйрөнү түзүү экендиги белгиленген.

***Негизги сөздөр:*** жаратылыш, экологиялык маселелер, экологиялык билим берүү, философия.

***Аннотация.*** В статье рассматриваются философские основы экологического образования, что во взаимоотношениях системы «человек-общество-природа», приводит к выработке определенной методологии, ценностных ориентаций, концептуальных парадигм миропонимания и знаний, определяющих социокультурные, экологические и др. процессы. Конечная цель экологического образования – создание оптимальных экологических условий для жизнидеятельности человека посредством формирования экологической культуры, экологического мышления и сохранения природных ценностей.

***Ключевые слова:*** природа, экологические проблемы, экологическое образование, философия.

***Abstract.*** The article examines the philosophical foundations of environmental education. Appeal to the philosophical foundations of environmental education in the relationship of the system "human-society-nature" leads to the development of a certain methodology, value orientations, conceptual paradigms of worldview and knowledge that determine socio-cultural, environmental and other processes. The ultimate goal of environmental education is the creation of optimal environmental conditions for the life of humanity by forming an environmental culture and preserving natural values.

***Keywords:*** *nature, environmental problems, environmental education, philosophy.*

Азыркы цивилизациянын өнүгүүсүндө глобалдуу көйгөйлөрдүн бири, адамзат тагдырына кооптулук жараткан - экологиялык маселелер болуп эсептелет. Экологиялык маселелер коом менен жаратылыштын ортосундагы мамилелердин диссонанстык карама-каршылыктарынын натыйжасында келип чыгат. Анын түпкү себептеринин бири болуп адамдардын руханий, адеп-ахлактык, дүйнө тааным денгээлинин жетишсиздиги (экологиялык жоопкерсиздик), дегеле алардын жаратылышка карата үстүрт мамилеси болуп саналат. Экологиялык кооптулук – бул жалпы эле биосферага, анын ичинде адамзаттын жашоосуна терс таасир эте алуучу зор коркунуч. Синергетика боюнча көрүнүктүү адис И.Р. Пригожиндин теориясы боюнча эгерде "адам-маданият-жаратылыш" системасы тең салмаксыз абалында болсо, андан чыгуунун жолу - адам менен табияттын ортосундагы байланышта экологиялык кризиске же гармонияга алып келиши мүмкүн.[1]

Албетте, булардын ичинен адамзаттын жашоосун улантуу үчүн ал системада жалгыз гана гармониялык (шайкештик) болуу негизги шарт болуп саналаары шексиз. Экологиялык маселелерди чече коюу адамзат үчүн оңой-олтоң иш эмес, бирок «адам-жаратылыш» системасын туруксуз абалга түрткөн антропогендик, технологиялык, социалдык факторлорду азайтууга мүмкүн бере турган жолдорду издөө зарыл.

Карама-каршылык тенденциянын келечектеги өнүгүүсү, негизинен, белгисиз, бирок синергетиканын көз карашынан алганда, келечектин белгисиздигин олуттуу кыскартууга болот же "ар кандай альтернативдүү жолдордон жана издөө божомолдоолордон таасир эте турган жана ал тургай рационалдуу башкарууга мүмкүн болгон эң керектүү, ошол эле учурда эң реалдуу тенденциялардын спектрин бөлүп алууга мүмкүн болот". Бул өңүттөн алып карасак, экологиялык маселелер илимий-техникалык, технологиялык, экономикалык жетишкендиктерден гана эмес, жогоруда айтылгандай руханий-адептик мүчүлүштүктөргө да байланыштуу жана анын чечилиши адамдын өзүнүн жаратылышка болгон мамилесине жараша болот. Ошондуктан глобалдык, тактап айтканда, экологиялык кризис коркунучун азайтып, адамзаттын аман калышын жана келечегин кепилдей ала турган инсандын, коомдун руханий маданиятын, анын ичинде экологиялык жоопкерчилигин күчөтүүдө, экологиялык билим берүүнүн, тарбиянын артыкчылыгы талашсыз. Демек, азыркы цивилизациянын өнүгүүсүндө адамзаттын келечегине болгон терс чакырыктардын пайда болуусу менен да мүнөздөлүүчү экологиялык маселелерди чечуудо сапаттуу экологиялык билим берүүнүн зарылчылыгы болуп көрбөгөндөй актуалдуулукка ээ. Себеби экологиялык билим берүү адамдардын руханий дүйнөсүн, экологиялык аң-сезимин калыптандырууда жана адеп-ахлактык сапатын жогорулатууда зор потенциалга ээ. Ал адамдын жаратылыш чөйрөсү менен өз ара байланышындагы экологиялык кризистен чыгууда за-

рыл фактор болгон экологиялык маданияттын негизин түзөт.

Бирок, Протагордун адам болсо "бардык нерсенин өлчөмү", Бэкондун "билим – бул күч" философиялык концептерине жана Коменскийдин педагогикасына негизделген заманбап билим берүү системасы коомдо туруктуу ишеним катары талашсыз аксиома сымал калыптанып калган. Экологиялык билим берүү алды менен экологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрдү таанып билүүгө багытталган. Ал мыйзам ченемдүүлүктөрдүн негизги жобосу – жаратылышка зыян келтирбөө. Себеби жаратылышка зыян келтирүү адамзаттын өзүнө өзү зыян келтирүүсү дегенди билдирет.

Биосферадагы ар кандай өзгөрүү адамзатка түздөн-түз таасир этет. Ошону менен бирге экологиялык билим берүү системасынын өнүгүүсүндө олуттуу маселелер камтылган. Анткени азыркы мезгилде өнүккөн өлкөлөрдөгү экологиялык билим берүү биринчи кезекте индустриалдаштыруу доору үчүн мүнөздүү болгон социалдык өнүгүүнүн принциптери менен түшүнүктөрүнө негизделип, биосфераны коргоонун бардык талаптарына жана чакырыктарына жооп бербейт. Ал көбүн эсе прагматикалык менен керектөөчүлүктү камсыздаган кызыкчылыктарга багытталып, утилитардык рыноктук баалуулуктардын үстөмдүгүнө негизделип, ааламдашуунун шартында табиятты кыйратуучу тенденцияларды өзгөртө албайт. Андыктан адамдардын жаратылышка болгон утилитардык мамилесинин векторун прагматикалык эмес багытка буруу үчүн ага карата гумандуу, кылдат, жоопкерчиликтүү мамилени тарбиялоо зарыл. Анын ичинде жаратылыш ресурстарын агрессивдүү эмес, рационалдуу пайдалануунун жоопкерчилигин аныктап белгилөө керек. Кошумча айта кетсек, адамзаттын жаратылышка карата өзүмчүлдүгү, өз керектөөсүн жогору коюшу, утилитардык кызыкчылыктын монополиясы руханий, адеп-ахлак нормаларынын жана идеалдарынын төмөндөшүнө, жалпы эле дүйнө таанымдын аныктыгына туура эмес көз карашка алып келгени себеп. Натыйжада — жаратылышка көңүл кош, жоопкерчиликсиз, кыянаттык мамиле кылуу жана анын байлыктарын рационалдуу эмес, керектөөчү катары гана пайдаланууга алып келет. Демек, экологиялык билим берүүнүн негизги компоненти - бул экологиялык тарбия болуп эсептелет.

Баса белгилей кетүүчү нерсе, экологиялык кризис адамдын табиятка болгон керектөөчүлүк карым-катнашынын натыйжасы эле болуп эсептелбестен, өзүнө руханий кризистин белгилерин, анын ичинде билим берүү системасынын терс өзгөрүүсүн да камтып турат. Билим берүүнүн улам жаңы ыкмалары иштелип чыкканына жана билим берүү процессинде ар кыл цифралык жана интерактивдик каражаттар колдонулуп жатканына карабастан билим берүүнүн жалпы деңгээли төмөндөп, ал минималдуу чыгым менен максималдуу пайданы алууга багытталган, кууш адистешкен мүнөзгө ээ болууда [2]. Демек, билим берүүнүн деңгээлинин төмөндөшү, адистешүүнүн чектелиши сыяктуу коопту тенденциялар пайда болууда. Ал эми сапаттуу толук кандуу билим берүүнүн максаты – адамдын билимдин белгилүү бир жыйындысы менен кесипкөйлүк жөндөмдөргө ээ болуусу эле эмес, терең жана ар тараптуу талдоо жүргүзүүгө жөндөмдүү, жоопкерчиликтүү инсанды калыптандырууда турат.

Экинчи жагынан алганда, адамдын билим алуусунун деңгээли, сапаты анын акыл-эсинин кеңдигинде эле эмес, дүйнөгө болгон жалпы көз карашынын бүтүндүгүндө, социалдык жана табигый реалдуулукка сынчыл көз караш менен

кароо жөндөмдүүлүгүндө, логикалык ой жүгүртүүсүнүн ырааттуулугунда.

Социумдун жаратылыш менен өз ара аракеттенүүсүн изилдөөдө экология илимин жалпы философия илими менен интеграциялоо учурдун талабы болуп саналат. Башкача айтканда, экологиялык аң-сезимдин, маданияттын, билимдин калыптануусу жана экологиялык маселелерди чечүү илимдин философиялык негиздерине гана таяна ала тургандыгы айдан ачык. Бул үчүн дүйнө жана андагы адамдын орду жөнүндө принципиалдуу жаңы, бүтүндөй, синергетикалык концепцияга негизделген билим берүү процессинин философиясын жана методологиясын өзгөртүү зарыл. Демек, адамдын жаратылыш менен бирдиктүүлүгүнүн ажырымын азайтууга мүмкүндүк берүүчү жаңы нормативдик баалуулуктарга негизделген мамилелерди өздөштүрүү керек. Ошондо гана адамдын иш-аракетинин экологиялык жана моралдык императивдерин толук таанып билүүгө жол ачылат. Мындан азыркы экологиялык кырдаалды терең жана ар тараптуу философиялык түшүнүү, экологиялык маселелерди чечүү жана экологиялык стратегиянын жаңы принциптерин иштеп чыгуу үчүн реалдуу мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошол эле учурда, "адам-коом-жаратылыш" системасындагы мамилелерди жөнгө салууда философиянын жаңы мето дологиялык принциптерин колдонуу зарыл. Демек, экологиялык билим берүүнүн философиялык негизи, социумдун жаратылыш менен болгон мамилесинин сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүлүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт.

Мында экологиянын философиялык негиздери глобалдык экологиялык кризистин себептерине жана ыктымалдуу натыйжаларына жетиштүү маани берүү зарылчылыгы менен шартталган. Анын негизги себептеринин бири адам планетада болуп жаткан окуялардын негизги субъекти деген антропоцентристтик көз караш эсептелет. Антропологиялык принципке негизделген экологиялык билим берүү көңүл борборуна биосферанын гармониялуу жана бүтүн жашоосун эмес, адамдардын табияттагы башка биологиялык түрлөргө дайыма зыян келтирүү менен ыңгайлуу жашап кетүүсүн коёт. Экологиянын философиялык негиздерин антропоцентризмден биоцентризмге алмаштыруу зарылчылыгы эбак эле бышып жетилген. Биоцентризмдин негизи болуп табият кызыкчылыктарынын адамзат кызыкчылыктарынан артыкчылыгы тууралуусындагы идея жана адам табияттын кожоюну эмес, анын бир бөлүгү катары каралышы эсептелет.

Азыркы экологиялык билим берүү системасы илимий жана практикалык билимдер менен катар экологиялык билим берүүнүн баалуулук багыттарын аныктап, инсандын жаратылышка карата жоопкерчилигин арттырууга багытталган окутуунун, тарбиялоонун үзгүлтүксүз процессин камтыйт. Бул процессте белгилүү бир баалуулуктарга ээ боло ала турган инсанды тарбиялоо максатында философиянын да илим катары экология темасы боюнча, айрыкча экологиялык этика боюнча теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү үзгүлтүксүз түрдө жүргүзүүсүн айгинелейт.

Бул "коом-адам-табият" системасында экологиялык карым-катнаштарды оптималдаштырууга түздөн-түз байланышкан максаттуу иш-чаралардын (таанып-билүүчүлүк, тарбиялоочу, трансформациялык ж.б.) жыйындысы болгон экологиялык билим берүү маселесин, социум менен табияттын коэволюциясын философиялык жана социологиялык жактан кенири түшүнүүгө алып келет.

Адамзаттын жашоо процессинде муундан муунга өткөн экологиянын

философиялык негиздеринин трансформациясы болуп өтөт, дагы ал азыркы мезгилдеги глобалдык экологиялык кризистин себептерине жана ыктымалдуу натыйжаларына маани берүү зарылчылыгы менен шартталган. Ошондуктан жаңы цивилизациялык жана табияттык реалийлер экологиялык маселелерди чечүүдө экологиялык билим берүүдөн жаны концептерди жана ыкмаларды талап кылат. Бул өңүттө экологиялык билим берүүнү илимий объект катары изилдөө азыркы ааламдашуу шартында приоритеттүү багытка айланып, экологиялык аң-сезимдин, дүйнөгө экологиялык көз караштын трансформациясын жана коомдун туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн экологиялык кризистен чыгуунун жолдорун издөөнү шарттап, жаны экологиялык дүйнө таанымдын калыптануусунун зарылдыгын көрсөтүп турат. Экинчи жагынан, социум-табият системасын айныксыз процесстерге алып келүүчү себептерди аңдап билүү албетте, экологиялык маселелерди экологиялык билим берүүнүн философиялык негиздери аркылуу чечүүгө өзгөчө көнүл бурууну шарттайт. Экологиялык билим берүүнүн философиялык негиздерине маани берүү «адам-коом-табият»системасынын өз ара мамилелеринде социомаданий, экологиялык ж.б. процесстерди аныктоочу белгилүү бир методологияны, баалуулук багыттарды, дүйнө тааным парадигмаларын, билимдерди иштеп чыгууга алып келет. Экологиялык билим берүү илимий-практикалык билимдердин биримдигинин негизинде экологиялык актуалдуулукту түшүнгон адамды тарбиялоонун зарыл жолу. Анын маанилүүлүгү терең экологиялык аң-сезимди калыптандыруу менен, табиятка карата оң маанайдагы эмоционалдык-баалуулук мамилелерге багытталгандыгында, аларсыз глобалдуу экологиялык маселелерди чечүү мүмкүн эмес. Билим берүүнүн өзгөчөлүгү адамдын жаратылыштагы ишмердүүлүгүнүн кесепеттерин алдын ала көрүүгө мүмкүндүк берет жана руханий дүйнөсүн, анын баалуулуктар системасын, артыкчылыктарын, идеалдарын калыптандырууда негизги орунду ээлөө менен руханий, адеп-ахлактык жактан жетилген, цивилизациянын тагдыры үчүн жоопкерчилик жүгүн көтөрүүгө жөндөмдүү болгон инсанды калыптандырууга көмөктөшөт.

Экологиялык билимдин негизи болгон билим берүүдо экологиялык баалуулуктарга, бизди курчап турган дүйнөнү этикалык, эстетикалык кабылдоого басым жасоо инсандын, коомдун экологиялык маданиятын калыптандыруунун эң натыйжалуу формасы боло алат. Демек, адам менен жаратылыштын өз ара аракеттенүүсүнүн көйгөйлүү маселесин ийгиликтүү чечүү үчүн биринчи кезекте адамдын ички руханий дүйнөсүн изилдөө, анын аң-сезимин экологиялык жакка багыттоо менен жаратылышка болгон мамилесин өзгөртүү зарыл. Себеби, бардык маселе адамдын өзүндө, анын ички, руханий дүйнөсүндө. Табият менен адамдын байланышы түбөлүктүү, үзгүлтүксүз бирдиктүү, бири-бирине шайкеш болуш керек жана ал адамзаттын жашоосун узартыш үчүн зарыл шарт болуп саналат. Ошондуктан жаратылыш менен адамдын, коомдун ортосунда гармония болуп, коэволюциялык өнүгүүгө шарт түзүлүш керек. Бул адамзаттын келечегин камсыз кылат.

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү адамзаттын жашоосу билим берүү системасында адеп-ахлактыкка, руханийликке көңүл бурган билим берүүгө өтүүнү талап кылууда. Демек, экологиялык билим берүүнүн жана тарбиялоонун негизги милдети жаратылышты адам тарабынан өзгөртүүгө эмес (Бэкон), биринчи кезекте адамдын өзүн өзгөртүүгө, анын ички дүйнөсүнүн

руханий принциптерин өркүндөтүүгө багытталган стратегия болууга тийиш. Жаратылыш адам жан дүйнөсүнүн ажырагыс бир бөлүгү, бирок ал түгөнбөгөн кенч эмес, ал - кайталангыс анык дүйнө, жер бетиндеги жашоонун негизи. Ал эми өмүр - адамзат сактоого милдеттүү болгон негизги баалуулук экени айныксыз.

**Адабияттар:**


1 Урсул А.Д. Модель опережающего образования: ноосферно-экологический ракурс [Текст] / А.Д. Урсул // Философия экологического образования. — М.: Прогресс - Традиция, 2001. - С. 49-71.

2 Козубекова Ч.С. Экологическое образование в контексте философской рефлексии [Текст]: автореф.дис... канд.филос.наук: 09.0011/ Ч.Козубекова. -Бишкек, 2024. - 32с.